**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

# ТОКТОМ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2013-жылдын 6-августундагы № окс – 0011/0 "Жаран Орозобек Капарбекович Мадиновдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө" аныктамасына жаран О.К. Мадиновдун даттануусун кароо жөнүндө

2013-жылдын 19 сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы төмөнкү курамы: төрагалык кылуучу - судья М.Ш. Касымалиев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Д.М. Макешов, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Ч.О. Осмонова, Э.Ж. Осконбаев, К.С. Сооронкулова, соттук отурумдун катчысы А.Таштанова, даттануучу О.К. Мадиновдун катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесенин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, ачык соттук отурумда жаран О.К. Мадиновдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2013-жылдын 6-августундагы № окс – 0011/0 "Жаран Орозобек Капарбекович Мадиновдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө" аныктамага карата даттануусун карады.

Келип түшкөн даттанууну Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын жыйналышына даярдаган судья Э.Т. Мамыровду жана кайрылуучунун түшүндүрмөсүн угуп, тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Жаран О.К. Мадинов 2013–жылдын 3-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 128-беренесинин 1-бөлүгү менен соттолгон жазык иши

боюнча Жогорку соттун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 23-апрель 2013-жылдагы токтому менен белгиленген укук колдонуу тажрыйбасын Конституцияга ылайык эмес жана Конституциянын 20-беренесинин 5-бөлүгүнө, 40-беренесине, 93-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 96-беренесине, 99-беренесинин 2-5-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп табууну суранып, өтүнүч менен кайрылган.

Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы 2013-жылдын 6-августундагы кабыл алган аныктамасында конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында Конституциянын 97-беренесинин 6-бөлүгүндө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн иштерди гана карай алат деп белгилеген.

Жаран О. Мадинов койгон талап "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" мыйзамдын 13-беренесинин биринчи бөлүгүнүн 8-пунктунда каралган, бирок аталган мыйзам Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 13-июнундагы N 37 мыйзамына ылайык күчүн жоготкон. Ошондуктан, жаран О.К. Мадиновдун өтүнүчүндө коюлган талап конституциялык сот өндүрүш алкагында каралышы мүмкүн эместигин судьялар коллегиясы аныктамада көрсөткөн.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы О.К. Мадиновдун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын деп 2013-жылдын 6-августунда аныктама кабыл алган.

Бирок О.К. Мадинов жогоруда аталган Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы тарабынан кабыл алынган аныктамасы менен макул болбостон, Конституциялык палатага даттануу менен кайрылган. Даттануу Конституциялык палатада 2013-жылдын 21-августунда каттоодон өткөн.

О.К. Мадинов даттануусунда Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын аныктамасына макул болбогондугун билдирип, өзүнүн төмөнкү жүйөөлөрүн келтирген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1-бөлүгүнүн талабына ылайык, Конституция эң жогорку күчкө ээ жана ал Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулгандыктан, Конституциянын 101-беренесинин 1-бөлүгүнүн талабы боюнча сот ушул Конституцияга каршы келген ченемдик укуктук актыны колдонууга укуксуз деп белгилеген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 6-пунктунун талабы боюнча, инсандын ар-намысына шек келтирген маалыматты жайылткандыгы үчүн кылмыштык куугунтуктоосу жокко чыгарылса, ушул эле Конституциянын 33-беренесинин 5-бөлүгүнүн талабы боюнча, эч ким адамдын ар-намысын жана беделин жаманатты кылган же кемсинткен маалыматтарды таркаткандыгы үчүн кылмыштык жазага тартылышы мүмкүн эместиги каралганын көрсөткөн.

О.К. Мадинов биринчи инстанциядагы сот, экинчи инстанциядагы сот кассациялык тартипте, Жогорку сот көзөмөл иретинде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 101-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 6-пунктунун жана 33-беренесинин 5-бөлүгүнүн талабына каршы келген Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 128-беренесин колдонгонун белгилеп, аталган соттук инстанциялар негиз кылган ченемдик укуктук актыларынын колдонуу иш-тажрыйбасы Конституцияга каршы келет деген пикирин жазган.

О.К. Мадинов, Конституциялык палатага багытталган даттануусунда, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 3-бөлүгүндо бекитилген Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун системасында үч судьядан турган жазык иштери боюнча соттук коллегиясы көрсөтүлгөн эмес, ошондуктан бул коллегиянын укук колдонуу иш-тажрыйбасы Конституцияга ылайык келбейт деген коз карашын билдирет.

Кайрылуучунун түшүндүрмөсүн угуп, даттануунун жүйөөлөрүн жана судьялар коллегиясынын тыянактарын талкуулап, Конституциялык палата төмөнкү жыйынтыктарга келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүндө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүндө, иштердин Конституциялык палатага караштуулугу так көрсөтүлгөн. Өтүнүчтө коюлган Кылмыш-жаза кодексинин 128-беренесинин 1-бөлүгүн колдонуу соттук укук иш-тажрыйбасы Конституциянын айрым беренелерине карама-каршы келет деп таануу талабы Конституциялык палатанын кароосуна таандык эмес, ошондуктан жогоруда аталган талап конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында каралышы мүмкүн эмес.

Конституция эң жогорку күчкө ээ жана ал Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулаары талашсыз. Ошондой эле сот Конституцияга

каршы келген ченемдик укуктук актыны колдонууга укуксуз экени Конституциянын 101-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган. Мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табуу Конституциянын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пункту менен Конституциялык палатага жүктөлгөн.

Мыйзамга ылайык жана сот тажрыйбасында калыптангандай, кылмыш ишин соттук кароо учурунда Кылмыш-жаза кодексинин колдонула турган айрым ченемдеринин конституциялуулугу күмөндүү болгон учурда, Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик кодексинин 246-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктунун негизинде судья ишти токтотуп, күмөн жараткан мыйзамдын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө Конституциялык палатага суроо-талап жиберет.

Бирок, О.К. Мадиновдун даттануусуна тиркелген материалдарына караганда, жазык иши боюнча колдонулган Кылмыш-жаза кодексинин 128-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугу соттук инстанцияларында күмөн жараткан эмес.

Жарандардын Конституциялык палатага кайрылуу жагдайлары, конституциялык мыйзамдын 20-беренесинде так көрсөтүлгөн. О.К. Мадинов мыйзамда көрсөтүлгөн укугунан пайдаланып Кылмыш-жаза кодексинин 128-беренесинин 1-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 6-пунктуна жана 33-беренесинин 5-бөлүгүнө карама каршы келет деп табуу өтүнүчү менен Конституциялык палатага 2013-жылдын 12-июлунда кайрылган. «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын негизинде Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2013-жылдын 21-августундагы аныктамасы менен О.К. Мадиновдун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 10-бөлүгүндө көрсөтүлгөндөй, соттук актылар конституциялык эмес деп табылган мыйзамдардын ченемдерине негизделген болсо, мындай сот актылары укуктары жана эркиндиктери козголгон жарандардын даттанууларынын негизинде ар бир так учурда сот тарабынан кайра каралууга тийиш.

О.К. Мадиновдун талабына тийиштүү белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 6-пунктунун жана 33-беренесинин 5-бөлүгүнүн талабынын негизинде Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 11-июлундагы №89 Мыйзамына ылайык Кылмыш-жаза кодексинин 127-беренеси күчүн жоготкон.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 4-бөлүгүндө соттордун ишин уюштуруу жана алардын тартиби мыйзам менен аныкталат деп көрсөтүлгөн. “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндөгү” мыйзамына ылайык, жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиялар Жогорку сотто жана экинчи инстанциядагы соттордун түзүмүндө каралган.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесенин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып Конституциялык палата

**т о к т о м  к ы л а т:**

1. Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2013-жылдын 6-августундагы № окс – 0011/0 “Жаран Орозобек Капарбекович Мадиновдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө” аныктамасына келтирилген жаран О.К. Мадиновдун даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Конституциялык палатанын токтому акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

3. Конституциялык палатанын токтому кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

Конституциялык палатанын
төрагалык кылуучусу: М. Ш. Касымалиев

судьялары: Ч. А. Айдарбекова

М. Р. Бобукеева

Д. М. Макешов

Э. Т. Мамыров

А.О. Нарынбекова

Э.Ж. Осконбаев

Ч.О. Осмонова

К. С. Сооронкулова

№____________